## Компетенциянын паспорту

**Адистиги: 550700 – «Педагогика»**

Профиль: Башталгыч билим берүү, Мектепке чейинки билим берүү

1. Компетенциянын паспорту

1.1. Компетенциянын берилиши.

Негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкү компетенцияга ээ болушу керек:

| | |
|---|---|
| **КК-12** | Башталгыч билим берүүнүн дисциплиналарынын теориялык негиздерин жана технологияларын колдоно алат, образдуу жана логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү ыкмаларын колдонуп, башталгыч класстын окуучуларынын предметтик билимдерин жана көндүмдөрүн калыптандырат. |

Компетенция кесиптик (профессионалдык) компетенциялар блогуна (КК) кирет, окуунун бүткүл мезгилинде калыптанат жана НББПтун (Негизги билим берүү программасы) талаптарына ылайык бардык бүтүрүүчүлөр үчүн милдеттүү болуп саналат.

**Колдонуу чөйрөсү**: Башталгыч жана мектепке чейинки чөйрөдөгү окуу жана кесиптик ишмердүүлүк.

2. **КК-12 компетенциясынын түзүмү** «Билүү», «жасай алат», «ээ болуу» терминдериндеги компетенциянын түзүмү:

| **Билет** | **Жасай алат** | **Ээ болот** |
|---|---|---|
| Башталгыч класстарда окутулган предметтеринин теориялык негиздерин; окуучулардын курактык психологиясын; логикалык жана образдуу ой жүгүртүүнү калыптандыруучу педагогикалык технологияларды билет. | Сабакты предметтер аралык байланышта пландаштыра алат; окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн арттыруучу дидактикалык оюндарды жана көрсөтмө куралдарды иштеп чыгат; татаал түшүнүктөрдү образдуу мисалдар менен түшүндүрө алат. | Башталгыч класстын окуучуларынын предметтик компетенцияларын өнүктүрүүчү заманбап методикалык ыкмаларга; логикалык маселелерди жана чыгармачыл тапшырмаларды түзүү көндүмдөрүнө ээ болот. |